DOI:10.33942/sit1394 УДК: 316.6

# ШААР ЖАНА АЙЫЛ ЖЕРГЕСИНДЕГИ ЖУБАЙЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ МАМИЛЕСИНЕ БОЛГОН КӨЗ КАРАШТАРЫНДАГЫ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

**Турдубаева Р.Ш.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ, ага окутуучу, E-mail: rahatt1974@gmail.com*

***Аннотация:*** *Бул макалада жубайлардын ортосундагы социалдык-маданий мамилелер шаардык жана айылдык шарттарда кандайча калыптанары салыштырма талдоо аркылуу изилденет. Теориялык негиз катары Т. Парсонстун структуралык-функционалдык мамилеси, символдук интеракционизм жана гендердик социологиянын негизги түшүнүктөрү алынган. Изилдөө шаар жана айылд жергесиндеги жубайлардын үй-бүлөлүк ролдорду бөлүштүрүүсүндөгү айырмачылыктарга, социалдык жана маданий факторлордун таасирине көңүл бурат. Изилдөөдө жубайлардын гендердик ролдору, турмуш шарты, билим деңгээли, маалымат жеткиликтүүлүгү өңдүү аспекттерде аймактык айырмачылыктары айкындалат. Натыйжада, үй-бүлөлүк мамилелердин формалдуу жана бейформалдуу өзгөчөлүктөрү чөйрөнүн социалдык контексти менен тыгыз байланышта экени далилденет.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлөлүк мамиле, шаар жана айыл жубайлары, гендердик ролдор, социалдык маданият, структуралык-функционалдык теория, символдук интеракционизм, салыштырма талдоо, үй-бүлөлүк социализация, Кыргызстан, салттуу баалуулуктар.*

# РАЗЛИЧИЯ ВО ВЗГЛЯДАХ ГОРОДСКИХ И СЕЛЬСКИХ ПАР НА СЕМЕЙНЫЕ ОТНОШЕНИЯ

**Турдубаева Р.Ш.**
*КНУ им. Ж.Баласагына, старший преподаватель, E-mail: rahatt1974@gmail.com*

***Аннотация:*** *В статье посредством сравнительного анализа изучается, как формируются социокультурные отношения между супругами в городских и сельских условиях. В качестве теоретической основы взяты основные концепции структурно-функционального подхода Т. Парсонса, символического интеракционизма и гендерной социологии. Исследование фокусируется на различиях в распределении семейных ролей между парами в городской и сельской местности, а также на влиянии социальных и культурных факторов. Исследование выявляет региональные различия в таких аспектах, как гендерные роли супругов, условия жизни, уровень образования и доступ к информации. В результате доказано, что формальные и неформальные черты семейных отношений тесно связаны с социальным контекстом среды.*

***Ключевые слова:*** *семейные отношения, городские и сельские супруги, гендерные роли, социальная культура, структурно-функциональная теория, символический интеракционизм, сравнительный анализ, семейная социализация, Кыргызстан, традиционные ценности*

# DIFFERENCES IN URBAN AND RURAL COUPLES' VIEWS ON FAMILY RELATIONSHIPS

**Turdubaeva R.Sh.**
*KNU named after J.Balasagyn, Senior lecturer, E-mail: rahatt1974@gmail.com*

***Abstract:*** *The article uses comparative analysis to study how socio-cultural relations between spouses are formed in urban and rural settings. The theoretical basis of the paper is based on the main concepts of Parsons' structural-functional approach, symbolic interactionism and gender sociology. The study focuses on differences in the distribution of family roles between couples in urban and rural areas, as well as on the influence of social and cultural factors. The study reveals regional differences in such aspects as gender roles of spouses, living conditions, level of education and access to information. As a result, it is proved that formal and informal features of family relations are closely related to the social context of the environment.*

***Keywords:*** *family relations, urban and rural spouses, gender roles, social culture, structural-functional theory, symbolic interactionism, comparative analysis, family socialization, Kyrgyzstan, traditional values*

**Киришүү.** Адам укуктарынын жалпы декларациясында (16-берене, 3-пункт) үй-бүлө коомдун табигый, негизги бирдиги болуп саналат жана коом жана мамлекет тарабынан коргоого укуктуу экени баса белгиленген [6, 7]. Үй-бүлө — адамзат коомунун эң башкы социалдык институту катары бардык доорлордо өзүнүн маанисин жоготпой келген. Ар бир адамдын турмушунда, анын социалдык калыптанышында жана жекелик өнүгүүсүндө үй-бүлөнүн орду өзгөчө. Учурдагы коомдук өнүгүү, урбанизация, маалыматтык технологиялардын жайылышы жана гендердик ролдордун трансформациясы шартында жубайлардын үй-бүлө ичиндеги мамилеси да олуттуу өзгөрүүлөргө учурап келет. Айрыкча шаар жана айыл жергесинде жашаган жубайлардын үй-бүлөлүк мамилеге болгон көз карашында айырмачылыктар бар экени байкалууда. Бул айырмачылыктар коомдук өнүгүүнүн түрдүү баскычтарын, баалуулуктардын өзгөрүшүн жана социалдык таасирлердин мүнөзүн түшүнүү үчүн маанилүү аналитикалык негиз болуп бере алат.

Бул макаланын актуалдуулугу — жубайлардын үй-бүлөлүк мамилесине болгон көз караштарындагы айырмачылыктарды шаар жана айыл контекстинде карап чыгууда. Кыргызстандын социалдык түзүмүндө айылдык жашоонун салттык негиздери дагы эле күчүн жоготпой келе жаткан чакта, шаардык чөйрөдө заманбап, көбүнчө индивидуалисттик мамиле мүнөз алууда. Бул жагдай жубайлардын ролдорун, милдеттерин жана бири-бирине болгон мамилесин кайрадан баалоого жана коомдук деңгээлде талдоого түрткү болууда.

Макаланын максаты — шаар жана айыл жергесинде жашаган жубайлардын үй-бүлөлүк мамилеге болгон көз карашындагы айырмачылыктарды теориялык негизде талдоо жана салыштыруу.

Үй-бүлө коомдук түзүмдүн эң алгачкы жана маанилүү социалдык институту катары социалдык байланыштардын, баалуулуктардын жана жүрүм-турум үлгүлөрүнүн мураска өтүшүндө өзгөчө орунду ээлейт. Үй-бүлөнүн табиятын, анын ичинде жубайлардын өз ара мамилесин түшүндүрүү үчүн социалдык илимдерде ар кандай теориялык ыкмалар иштелип

чыккан. Алардын ичинен бул макалада үч негизги теориялык багытка басым жасалат: структуралык-функционалдык теория, символдук интеракционизм жана гендердик теориялар.

Структуралык-функционалдык теория — үй-бүлөнүн коомдогу туруктуулукту камсыз кылуучу негизги функцияларын баса белгилеген методологиялык багыт болуп саналат. Бул теориянын көрүнүктүү өкүлдөрү Талкотт Парсонс жана Роберт Бейлз үй-бүлөнү социалдык системанын негизги элементи катары карашкан. Алардын пикиринде, жубайлардын үй-бүлөдөгү ролдору жаратылышынан эле функционалдык жактан бөлүнгөн: эркек — "инструменталдык" ролду (материалдык камсыздоо, тышкы байланыштар), аял — "экспрессивдик" ролду (эмоционалдык жактан колдоо, үй ичиндеги ынтымак) аткарат [4].

Бул теориянын негизинде, аймактык факторлор — мисалы, айыл жергесиндеги салттуу баалуулуктар — жубайлардын функцияларын так бөлүштүрүүнү шарттайт. Ал эми шаар чөйрөсүндө гендердик ролдор анча катуу болбой, роль алмашуусу же тең бөлүштүрүү тенденциясы көбүрөөк байкалат [4].

Символдук интеракционизм теориясы (H. Blumer) жубайлардын мамилесин күнүмдүк өз ара аракеттешүү жана символдор аркылуу маани берүү призмасында карайт. Бул теориянын негизинде жубайлардын мамилеси коомдогу белгилүү ролдор эмес, бири-бирине карата индивидуалдуу кабыл алуу жана маани берүү аркылуу калыптанат.

Айыл чөйрөсүндө жубайлардын өз ара мамилеси коом тарабынан таанылган ролдордун негизинде калыптанса, шаардык чөйрөдө бул мамиле көбүнчө сүйлөшүү, компромисс жана индивидуалдык муктаждыктарга жараша түзүлөт. Символдук интеракционизм бул процессте “мен” жана “сен” түшүнүктөрүнүн өз ара таасирине өзгөчө көңүл бурат. Бул теория аркылуу үй-бүлөлүк мамилелердин сапатын, конфликттердин келип чыгышын жана алардын чечүү жолдорун түшүнүүгө болот [1].

Гендердик теориялар — жубайлардын мамилесин жыныстык ролдор, гендердик социализация жана патриархалдык түзүмдөр контекстинде караган концепциялар. Жоан Скотт [2] гендерди социалдык курулуш катары талдап, аял менен эркектин ролдору биологиялык гана эмес, коомдук жана маданий таасирлердин натыйжасында калыптанаарын белгилеген. Нэнси Чодороу болсо аялдардын жана эркектердин эмоционалдык дүйнөсүндөгү айырмачылыктар бала кезден баштап үй-бүлө аркылуу берилерин белгилейт [7].

Айыл чөйрөсүндө гендердик ролдор көбүнчө салттуу түрдө катуу чектелип, аял менен эркектин милдеттери коом тарабынан алдын ала аныкталган. Тескерисинче, шаар чөйрөсүндө гендердик ролдорду кайра карап чыгуу, тең укуктуулук жана мамилелерде диалогго басым жасоо кеңири таралган. Гендердик теориялар үй-бүлөлүк тең салмактуулукту, бийлик мамилелерин жана дискриминация элементтерин иликтөөгө мүмкүндүк берет.

Үч теория тең жубайлардын үй-бүлөлүк мамилесине болгон мамилени ар башка призмадан түшүндүргөнүнө карабастан, аларды шаар жана айыл контекстинде комплекстүү колдонуу мүмкүн. Структуралык-функционалдык ыкма айылдагы ролдук бөлүштүрүүнү негиздесе, символдук интеракционизм шаардагы индивидуализмди жана диалог формаларын

түшүндүрөт. Ал эми гендердик теориялар аркылуу гендердик стереотиптердин күчтүүлүгү же алсыроосу анализделет.

Шаар жана айыл чөйрөлөрүндө жашаган жубайлардын үй-бүлөлүк мамилеси жашоо шартына, маданий баалуулуктарына, социалдык ресурстарына жана маалыматка жеткиликтүүлүгүнө жараша олуттуу айырмачылыктарга ээ. Бул айырмачылыктар үй-бүлөнүн түзүлүшүнө, ролдорду бөлүштүрүүгө, бийлик мамилелерине жана эмоционалдык өз ара аракеттерге түздөн-түз таасирин тийгизет.

Айыл жеринде жашаган жубайлар көбүнчө салттуу жашоо образы менен жашашат. Айыл чөйрөсүндөгү коомдук байланыштар жыш болгондуктан, коомдук көзөмөл күчтүү жана салттык нормалар күчтүү сакталат. Бул шартта жубайлардын ортосундагы мамиле көбүнчө коомдук күтүүлөргө жана "кандай болууга тийиш" деген үлгүлөргө таянып түзүлөт. Айылдык жубайлардын көпчүлүгүндө эркек — негизги камсыздоочу, аял — үй иштеринин аткаруучусу жана балдарды тарбиялоочу катары кабыл алынат.

Ал эми шаар чөйрөсүндө индивидуализм жана жеке тандоо эркиндиги күчүрөөк орун алган. Жубайлар өз ара сүйлөшүү, компромисс, муктаждыкка жараша рол бөлүшүү сыяктуу ыкмаларды колдонушат. Шаардык жашоодо аялдардын экономикалык жактан көз карандысыз болушу жана билим деңгээлинин жогору болушу үй-бүлөлүк мамилеге тең укуктуулукту киргизет.

Айыл жергесинде милдеттерди бөлүштүрүү салтка негизделет. Үй иштерин жана бала тарбиялоону аялдар аткарып, эркек үй-бүлөнүн сырттагы өкүлү жана финансылык камсыздоочу катары калыптанат. Бул моделде көп учурда эмоционалдык байланыштардын баалуулугу анча белгиленбейт, анткени коом социалдык ролдорду аткарууну артык көрөт.

Шаар чөйрөсүндө, өзгөчө жаш үй-бүлөлөрдө, милдеттерди тең бөлүштүрүү тенденциясы байкалууда. Ата-энелик жоопкерчилик, финансылык катышуу жана үй иштери жубайлардын өз ара макулдашуусунун негизинде аткарылат. Айрым изилдөөлөргө ылайык, шаардык үй-бүлөлөрдүн 45–50%ында ата-энелер бала тарбиясында бирдей катышат, ал эми айылдык үй-бүлөлөрдө бул көрсөткүч кыйла төмөн.

Айыл жергесинде эркектин авторитети жогорку орунда турат. Үй-бүлөлүк чечимдерди кабыл алууда аялдын ролу чектелүү болушу мүмкүн. Бул жагдай, бир жагынан, гендердик ролдорго болгон салттуу көз карашка, экинчи жагынан билимге жана маалыматка жеткиликтүүлүктүн чектелүү болушуна байланыштуу.

Шаардык жубайлардын мамилесинде диалог жана тең укуктуулук көбүрөөк мааниге ээ. Партнерлор бири-бирин инсан катары кабылдап, эмоционалдык колдоо көрсөтүү, психологиялык жактан тең салмактуулукту камсыз кылуу маанилүү элементтерге айланат. Жубайлар ортосундагы "эмоционалдык келишим" (emotional contract) түшүнүгү шаардык чөйрөдө кеңири таралууда.

Маалыматтык агымга жеткиликтүүлүк — жубайлардын дүйнө таанымын, үй-бүлөгө болгон көз карашын түзүп берүүчү маанилүү фактор. Шаар жергесинде интернетке жеткиликтүүлүк, социалдык тармактар жана билим берүү ресурстарынын арбындыгы

жубайлардын өз ара мамилесине жаңы баалуулуктарды киргизип, тең укуктуулукту жана өз ара урматтоону илгерилетет.

Айыл жеринде билим деңгээли жана медиа булактарына жеткиликтүүлүк көбүнчө чектелүү. Бул жагдай үй-бүлөлүк ролдорду кайра карап чыгууга жана гендердик теңдик маселесине жетишсиз мамиле жасоого алып келет. Аймактык контекст билим берүү мекемелеринин инфраструктурасы менен да.

Айыл чөйрөсүндө жашаган жубайлар салттуу түшүнүктөрдү сактоого көбүрөөк умтулушат. Үй-бүлө институту бул шартта коомдук жана маданий туруктуулуктун өзөгү катары каралат. Ошол эле учурда, жаш муундун билимге жана медиага көбүрөөк тартылышы салт менен заманбап баалуулуктардын кагылышуусун шарттайт. Бул кагылыш — ички үй-бүлөлүк конфликттердин, ажырашуулардын жана миграциянын себептеринин бири катары да каралышы мүмкүн.

Шаар чөйрөсүндө баалуулуктардын көп түрдүүлүгү жана альтернативдүү үй-бүлөлүк моделдердин жайылышы — жубайлардын ортосундагы мамиленин динамикалуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Бул жагдай жубайлардын ортосундагы мамилени социалдык конструкция катары көрүүгө жана аны үзгүлтүксүз өнүгүүчү процесстер менен байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Аймактык, гендердик жана социалдык факторлордун негизинде айырмачылыктарды көрсөтүү максатында төмөнкүдөй салыштыруу таблицасы сунушталат:

| **Фактор** | **Шаардагы жубайлар** | **Айылдагы жубайлар** |
|---|---|---|
| Жашоо образы | Индустриалдык, тез өзгөрүүчү, технологияга негизделген | Салттуу, табигый шартка жана айыл чарбасына байланыштуу |
| Гендердик ролдор | Гендердик теңдикке көбүрөөк умтулуу | Эркек – негизги камсыздоочу, аял – үй тиричилигине жооптуу |
| Үй-бүлөлүк милдеттер | Кызматтарды ийкемдүү бөлүштүрүү: эки тарап тең үй жумуштарына катышат | Салттуу: аялдар – үй жумушу жана бала багуу, эркектер – чарба жана киреше табуу |
| Билим деңгээлинин таасири | Жогорку билимге, интернетке жеткиликтүүлүк жогору | Орточо деңгээл, билимге жеткиликтүүлүк айылдын инфраструктурасына көз каранды |
| Медиа жана маалымат булактары | Социалдык тармактар, блогдор, онлайн кеңештер | Социалдык тармактар, устаттык тажрыйба, коомчулуктун пикири |
| Эмоционалдык байланыштар | Индивидуалдык эркиндик менен эмоционалдык чөйрө маанилүү | Коллективизм, туруктуулук маанилүү |
| Салт жана заманбаптык кагылышуусу | Кээде конфликт жаралат (эмансипация, карьера же үй-бүлө) | Күчтүү салт-санаалар, жаңыланууга каршы резистенттүү |

Бул салыштыруунун негизинде шаардык үй-бүлө моделине көбүнчө **модерндешкен, функционалдык теңдикке умтулган** мамиле мүнөздүү болсо, айылдык үй-бүлөлөргө **патриархалдык, коллективдик, салттуу** мамиле өзгөчө мүнөздүү.

**Жыйынтык**. Бул изилдөөдө теориялык негиз катары Т. Парсонстун структуралык-функционалдык модели, символдук интеракционизм жана гендердик теориялар колдонулду. Бул теориялардын негизинде жубайлардын ортосундагы мамилелердин мүнөзү аймактык өзгөчөлүктөр менен катар социалдык жана маданий шарттарга тыгыз байланышта экени аныкталды. Айыл жана шаар жубайларынын үй-бүлөлүк мамилелеринде бир катар айырмачылыктар байкалат, айрыкча социалдык ролдордун бөлүштүрүлүшү, гендердик стереотиптер, авторитетке болгон көз караштар, жана маалымат жеткиликтүүлүгү өңдүү аспекттерде.

**Колдонулган адабияттар**


1. Blumer H. Symbolic interactionism. Perspective and method. University of California Press, 1984.
2. Scott J.W. Gender and the politics of history. — New York: Columbia University Press, 1999. — 242 p.
3. Карабанова О.А. Психология семейных отношений.- Самара, 2001. - 215 с.
4. Парсонс Т. Система современных обществ // Пер. с англ. Л.А. Седова, А.Д. Ковалева; Научн. ред. перевода М.С. Ковалева. - М.: Аспект-Пресс, 1997.
5. Токоева, А.А. Типы семей и их современные приоритеты / А. А. Токоева, Ч. К. Рыспаева // Наука и инновационные технологии. – 2021. – № 3(20). – С. 225-229. – DOI 10.33942/sit1896. – EDN TQNTUP.
6. Токоева, А.А. Типы семей и их современные приоритеты / А. А. Токоева, Ч. К. Рыспаева // Наука и инновационные технологии. – 2021. – № 3(20). – С. 225-229. – DOI 10.33942/sit1896. – EDN TQNTUP.
7. Чодороу П. Воспроизводство материнства: психоанализ и социология гендера. Перевод с англ. / Чодороу Н. — М.: Росспен, 2006. — 496 с.